# М А А Л Ы М А Т
## 02-041-2024-001182 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча

Иштин жагдайы: 2024-жылдын 24-апрелинде Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан жолдомо каты келип түшкөн, анда 2024-жылдын 24-апрелинде Борбордук шайлоо комиссиясынын байланыш борборуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына Ош шаарындагы бир мандаттуу 7-шайлоо округу боюнча талапкер  Максатбек Маматкуловдун аппарат жетекчиси Жумакадыр Дармамбеков кайрылган.

Анда, Ош шаарындагы 5284-шайлоо участогунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Бекмырзы Эргешовдун үгүтчүлөрү, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардан Жогорку Кеңешти шайлоого катышуу жөнүндө арызын алып келип жаткандыгын ошол эле учурда М.Маматкуловдун үгүтчүлөрү тарабынан да ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардан 4 арыз алып келишкендиктерин, бирок 5284-шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү негизсиз жүйөөлөрдү келтирип, кабыл албай койгондугун билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 24-апрелинде Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001182 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү учурунда, жогорудагы жагдайды аныктоо боюнча тергөө тапшырмасы берилген.

Азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

# М А А Л Ы М А Т
## 02-041-2024-001186 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча

Иштин жагдайы: 2024-жылдын 24-апрель күнү  чыгыш № 8 саны менен Кыргыз Республикасынын  Борбордук шайлоо комиссиясынан маалымат кат жиберилген. Ал маалымат катта 24.04.2024-жылы Борбордук шайлоо комиссиясына  0551 23 23 74 сандуу мега ком компаниясынын абонентик номери “Акимов Дамир” аттуу жаран кайрылган Ош шаарындагы бир мандаттуу №07 шайлоо округуна караштуу № 5551, № 5552 участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖКнин депутатыгына талапкер № 7 Бекмурза Эргешовго агитация жүргүзүүгө жардам берип жатат жана ошол жогорудагы № 5551, № 5552 участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү сатып алуу фактысы болушу мүмкүн деп билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 24-апрелинде Ош шаардык ИИБнын маалымат электрондук журналына  02-041-2024-001186 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү учурунда, жогорудагы жагдайды аныктоо боюнча тергөө тапшырмасы берилген.

Азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

**Ош ШИИБдин Тергөө кызматынын башчысы**
**милициянын полковниги** **К.Тургуналиев**